**Бекитем:**

**Мектеп директору: Шерматов У.**

**28.08. 2020-жыл**

***М.Барпиев атындагы № 19 Жылгын жалпы орто билим берүүчү мектебинин 28.08. 2020-жылдагы педагогикалыык кеңештин чечими менен бекитилди.***

***Мектепте мугалимдердин жана кенже кызматкерлердин дем берүүчү акысын төлөө фондуну бөлүштүрүү жөнүндө ж о б о***

***1 Жалпы бөлүм***

*Берилген жобо мектеп кызматкерлеринин эмгегинин сапатына жана натыйжалуулугуна дем берүү төлөмүнүн бөлүнүшүнүн ирээтинин жана билим берүү төлөмдөрүнүн бөлүштүрүлүш тартибин аныктайт.*

*Жобого мектеп жамаатынын жалпы чогулушунда кабыл алынган мугалимдин эмгегин баалоо көрсөткүчүнүн ирээти тиркелет.Мектептин дем берүүчү эмгек акы фондусу кызматкерлердин арасында эмгекке катышуу коэффисенти (ЭКК) балл аркылуу бөлүштүрүлөт.*

*Эмгекке катышуу коэффисенти (ЭКК)-КТУ ар бир мектеп кызматкеринин жалпы мектеп ишинин жыйынтыгына кошкон салымынын объективдүү байланышын чагылдырат.*

*Берилген жобо окуу-тарбия процессинин сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн, чыгармачыл активдүү жана демилгелүүлүгүн жогорулатуу максатында жана жаш кадрларды мектепке тартуу максатында иштелип чыкты.*

***2 Билим берүү процессине катышуучулардын функциялары***

***Педагогикалык кызматкерлер:***

*1.Жеке жетишкендиктеринин жыйынтыгынан көсөткүч топтойт*

*2.Өзүнүн ишмердүүлүгүнө баа берүүменен эмгек паспортун толтурат*

*3.Толтурулган эмгек паспортун усулдук бирикменин эмгек паспортун толтуруу комиссиясына тапшырат*

*4.Мугалимдин усулдук бирикмесинин эмгек паспортун толтуруу комиссиясы :*

*(ШМО)*

*1.Мугалимдердин эмгек паспортун кабыл алат, талкуулайт жана түзөтүүлөрдү киргизет.*

*2.Мугалимдин ишмердүүлүгүнүн сапатын жана натыйжалуулугун көрсөкүч боюнча ЭККин балл аркылуу аныктайт*

*3.Мугалимдин ишмердүүлүгүнүн сапатын жана натыйжалуулугун баалоонун таблицасын толтурат жана ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоонун токтомун толтурат*

***Уюмдун эксперттик кеңеши***

*1Мектептин усулдук бирикмеси үчүн эмгекке катышуу коэффицентин киргизет*

*2.Мектептин усулдук бирикмесинин, ишмердүүлүгүн натыйжалуулугун баалоонун токтомун жана баалоо баракчаларын , эмгек паспортун кабыл алат*

*3. Керектүү учуцрда коюлган баллдын чыныгы жыйынтыкка дал келишин тактайт. Тигил же бул кызматкердин баллын (ЭКК) көбөйтүү жана жогорулатуу өз сунушун киргизет.*

*4. Мектептин ар бир педагогунун ЭККин баалоонун өлчөмүн мектеп директоруна бекитүүнү сунуштайт*

*5. Мектеп кызматкерлеринин ишмердүүлүгүнбаалоонун жыйынтыгын аларга маалымдайт*

**Чыр-чатак комиссиясы:**

1.Мектеп кызматкерлеринин өзүнүн ишмердүүлүгүн баалоонун жыйынтыгына макул эместиги жөнүндөгү жазуу жүзүндө арызын ЭККин токтому кабыл алынгандан кийин3 жумушчу күндүн ичинде кабыл алат жана карайт.

2. Мектеп кызматкерлеринин ишмердүүлүгүн баалоонун жыйынтыгын калтыруу же өзгөртүү жөнүндөгү негизделген чечимин5 күндүн ичинде чыгарат.

3.Мектеп директоруна чыр-чатак комиссиясынын чечимин сунуштайт.

**Мектептин директору:**

1 Уюмдун усулдук бирикмесинин комиссиясы жөнүндөгү жобону, мектептин эксперттик кеңеши жөнүндөгү жобону жана ушул жобону бекитет,документтердин сакталышын жана эсебин тактоону уюштурат.

2.Мектептин усулдук бирикмесине эмгекке катышуусунун коэффицентин баалоо боюнча эксперттик комиссиянын чечимин бекитет.

3.Керектүү учурда мектеп кызматкерлеринин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоонун долбоору жөнүндөгү буйрукту камкордук кеңешинин търагасы менен, ата-энелер комитетинин төрагасы менен , кесип бирлигинин уюмунун төрайымы менен талкуулайт.

4.Мектептин эксперттик кеңешине, кесип бирлигинин уюмуна мектептин кызматкерлеринин эмгегин баалоонун ЭКК долбоору жөнүндөгү буйрукту жөнөтөт.

**Уюмдун камкордук кеңеши:**

1.Өзүнүн өкүлүн мектептин эксперттик кеңешинин составына мүчөлүгүнө

жөнөтөт.

2.Мектептин кызматкерлеринин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоонун жыйынтыгындагы эмгекке дем берүүчү төлөмдөрдүн жыйынтыгы боюнча долбоор жөнүндөгү тастыкталган оюн жазуу жүзүндө билдирет.

**Билим берүү процессине катышуучулардын укугу жана жоопкерчиликтери:**

**Педагогикалык мугалим төмөнкүгө укуктуу:**

1.Эксперттик кеңештин, комиссиянын ишине катышууга

2.Дем берүүчү эмгек акынын бөлүштүрүлүшүн жакшыртуу механизимдери боюнча өз сунушун киргизүү.

3.Өзүнүн ишмердүүлүгүн баалоонун жыйынтыгы менен макул эместиги жөнүндөгү арызын чыр-чатак комиссиясына берүү.

**Милдеттүү..**

4.Усулдук бирикменин комиссиясына өз убагында толтурулган эмгек паспортун тапшырууга.

**Мектеп директору укуктуу:**

1.Мектептин эксперттик кеңешинин өздүк составын түзүүгө милдеттүү.

2.Эмгекке дем берүүчү фонду бөлүштүрүүдө нормативдик жана локалдык актылардын талаптарын аткарууга.

Усулдук бирикменин комиссиясынын, эксперттик кеңешинин, чыр-чатак комиссиясынын укуктары жана милдеттери мектептин локалдык актыларынын, жоболорунун негизинде аныкталат.